**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышууга ниеттенген талапкерлерге жана саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына, интернет-басылмаларга Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана рефрендум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын**

# КАЙРЫЛУУСУ

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-августундагы ПЖ №370 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 23-беренесине ылайык, ***«Шайлоо алдындагы үгүт бардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга 24 саат калганда токтойт».***

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 10-бөлүгүндө белгиленген: *төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:*

1*) тигил же бул талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;*

*2) айрым талапкерлерге, саясий партияларга карата колдоону билдирүү;*

*3) талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу;*

*4) талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу.*

Ушуга байланыштуу, Борбордук шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышууга ниеттенген талапкерлерден жана саясий партиялардан конституциялык Мыйзамда белгиленген нормаларды бузууга алып келген аракеттерден сактанууну, анын ичинде мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликке алып келүүчү **жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалары, социалдык тармактар аркылуу басылма, аудиокөрүү жана башка материалдарды таркатуу түрүндө убактысынан мурда үгүт жүргүзүүгө жол бербөөнү** көптөн көп суранат.

***Маалымат иретинде:***

*Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 29-августундагы №663 токтому менен бекитилген, 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планынын 42-пунктуна ылайык,* ***шайлоо алдындагы үгүт 2021-жылдын 29-октябрынан башталып, 27-ноябрында саат 8:00 аяктайт.***